“Бекитем”
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Политехникалык колледжинин
мүдүрү Н.К. Турусбекова

________________________
2016-жылдын ______________

“Макулдашылды”
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору М.Ж. Жаманбаев

________________________
2016-жылдын 26-09

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин студенттик тобунун куратору жөнүндө**

**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына ылайык иштелип чыгып, И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжиндеги студенттик топтордун кураторлору болуп дайындалуучу (мындан ары – куратор) окутуучуларды дайындоо тартибин, милдеттерин, укуктарын жана жоопкерчиликтерин аныктайт.
1.2. Студенттик топтордун куратору өзүнүн ишинде төмөнкүлөрдү жетекчиликке алат:
- “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын;
- 2004-жылдын 3-февралындагы №53 “Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндө” жобосун;
- кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын;
- 2012-жылдын 4-июлундагы №470 “Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмунун студенттерин которуу, кайра кабыл алуу, окуудан чыгаруу жана аларга академиялык өргүү берүү тартиби жөнүндө” жобону;
- И.Раззаков атындагы КМТУ Политехникалык колледжинин уставын;
- 2013-жылдын 10-октябрындагы И.Раззаков атындагы КМТУ Политехникалык колледжинин Студенттик өз алдынча башкаруу жөнүндө жобосун;
- 2013-жылдын 10-октябрындагы И.Раззаков атындагы КМТУ Политехникалык колледжинин Студенттик өз алдынча башкаруу кеңеши жөнүндө уставын;
- 2013-жылдын 10-октябрындагы И.Раззаков атындагы КМТУ Политехникалык колледжинин студенттерине бирдиктүү талаптарын;
- ушул жобону;
- И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору менен колледждин буйруктарын.
1.3. Студенттик топтордун куратору директордун мамлекеттик тил боюнча орун басарынын сунушу боюнча колледждин директорунун буйругу менен учурдагы жылга дайындалат.
1.4. Студенттик топтордун кураторлорунун ишин директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары жалпы жетекчиликке алат. Куратор ага бекитилген студенттик топтун окуу-тарбия процессин уюштурууга жана координациялоого тикелей жооп берет.

1.5. Студенттик топтордун кураторунун инсандыгы менен ишине карата негизги талаптар социалдык жана кесипкөй компетенттүүлүгү, тарбиялык ишке карата инсандык даярдыгы, жогорку адеп-ахлактык маданияты, жоопкерчиликтүүлүгү жана коммуникабелдүүлүгү болуп саналат.

## 2. КураторДун милдет-максаттары

2.1. Куратордун ишиндеги негизги максаты комплекстүү окуу-тарбия процессинде университет менен колледждин салт-жөрөлгөлөрүн окуудан тышкары иш-чаралар системасы аркылуу сактоо жана өнүктүрүү болуп саналат.

2.2. Куратордун милдеттери:

- студенттердин билим берүү программаларын өздөштүрүү ишин, маданий-массалык иш-чараларды уюштуруу;
- мекенчилдик сезимге, жарандык активдүүлүккө, жогору моралдык баалуулуктарга жана адеп-ахлак принциптерине тарбиялоо;
- студенттик топто достук мамиле, өз ара жардам берүү жана окууга карата ак ниет мамиле кылууну түзүү;
- студенттин инсандык калыптануусу, интеллектуалдык, руханий жана чыгармачылык дареметин жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү;
- биринчи курстун студенттерин колледждин шарттарына көнүп кетүүсүнө жардам берүү;
- топтун студенттеринин олимпиадаларга, конкурстарга, спорттук иш-чараларга, ийримдерге, КВНдерге ж.б. сыяктуу окуудан тышкары иш-чараларга жигердүү катышуусун камсыздоо;
- жашоонун активдүү жана сергек мүнөзүн жайылтуу;
- чылым, насыбай чегүү, алкоголдук ичимдиктерди, энергетикалык суусундуктарды ичүү, баңги каражаттарын колдонуу сыяктуу коомго жат көрүнүштөрдү жана укук бузууларды алдын алуу.

## 3. Укуктары жана милдеттери

3.1. Куратор төмөнкүлөргө укуктуу:

- колледждин учурдагы тарбиялык иш планына ылайык студенттик жамаат менен тарбиялык ишти пландоого;
- топтун студенттеринин билимдери, даярдыктары, жеке өзгөчөлүктөрү менен керектөөчүлүктөрүнүн деңгээлине ылайык тарбиялык иштин формасын, методун, жолун жана каражаттарын өз алдынча тандоого;
- студенттердин тобундагы окуу-тарбия процессинин жүрүшүн көзөмөлдөө жана студенттерди изилдөө максатында өзүнө бекитилген топтун сабактарына (окутуучулардын макулдугу менен) барууга;
- студенттерге педагогикалык байкоо жүргүзүүгө, алардын айлана-чөйрөсү менен социумун изилдөөгө, алынган маалыматтарды тарбия максатында пайдаланууга;

- студенттерге тарбия ишин жүргүзүү максатында колледждин имаратын жана материалдык базасын пайдаланууга;
- ага жүктөлгөн милдеттерди өз убагында жана сапаттуу аткаруу үчүн зарыл болгон студенттер жөнүндө маалыматтарды колледждин окуу бөлүмүнөн сурап алууга;
- болочок адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууга багытталган тобундагы студенттердин окуусуна, эс алуусуна жана турмушуна тиешелүү болгон сунуштарды колледждин педагогикалык кеңешине жана администрациясына киргизүүгө;
- топто, колледждин студенттик өз алдынча башкаруу кеңешинде уюштурулуучу бардык иш-чараларга катышууга, колледждин студенттик өз алдынча башкаруу кеңешине тандоо үчүн талапкерди сунуштоого;
- колледждин администрациясынан методикалык жана маалыматтык колдоо алууга;
- тобундагы студенттерди материалдык жана моралдык колдоо маселелерин чечүүгө, укук бузуу учурунда тартип жазасын аныктоого катышууга;
- студенттердин ата-энелери, жакын туугандары (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен байланыш түзүүгө.

3.2. Куратор төмөнкүлөргө милдеттүү:
- бардык студенттерди колледждин ченемдик-укуктук актылары, жоболору, жүгүртмөлөр, окутуунун кредиттик системасы, студенттердин билимдерин рейтингдик көзөмөлдөөнү уюштуруу жана жүргүзүү системасы, жогорку окуу жайдын окуу корпустарынын түзүлүшү, И.Раззаков атындагы КМТУнун маалыматтык-китепкана борборунун, колледждин студенттик өз алдынча башкаруу кеңешинин иши менен тааныштырууга;
- жүгүртмө менен топтун макулдугу боюнча жумасына бир жолу болуучу кураторлук саатты өткөрүү убагы менен ордун дайындоого, кураторлук саат топтун сабактарынын жүгүртмөсүнө киргизилет;
- ар бир студентти, алардын жеке өзгөчөлүктөрүн жакшы билүүгө, алар тууралуу зарыл маалыматтарды, аты-жөнүн, туулган жылын, социалдык, ден соолугунун абалын, ата-энесинин жашаган, иштеген жеринин даректерин, байланыш телефондорун (жумушчу жана үй), студенттин окуу мезгилинде жашаган дареги, жашоо шарты, мектепти бүткөн жылы, номери, колледжге тапшырган жылы, жетишүүсү, катышуусу, аткарган коомдук тапшырмалары, окуу-изилдөө, ийрим иштерине катышуусу тууралуу маалыматтарды билүүгө;
- студенттердин сабактарга жетишүүсүн, катышуусун, сабактарда, имараттарда, колледжде жана университеттин аймагында өзүн алып жүрүүсүн көзөмөлдөө, өз убагында профилактикалык иш жүргүзүүгө;
- куратор студент 10 сааттан ашуун себепсиз сабак калтырган учурда, колледждин директорунун мамлекеттик тил боюнча орун басарына жазуу жүзүндө (билдирме) билдирүүгө милдеттүү (2013-жылдын 24-октябрындагы “10 сааттан ашуун себепсиз сабак калтырган студенттерди сессияга киргизбөө жөнүндө” педагогикалык кеңештин чечими);
- ата-энелер чогулушун өткөрүүгө;

- ата-энелерге контролдун жыйынтыгы боюнча студенттердин жетишүүсү, катышуусу жана тартиби тууралуу билдирүү;
- топко тарбиялык иш жүргүзүү портфолиосун түзүү;
- турмушун, эмгек, эс алуу тартибин, жатаканада белгиленген тартипти сактоосун изилдөө максатында жатаканада жашаган студенттерге баруууга;
- студенттик топко бекитилген аймакты тазалоо жана жакшыртуу ишин уюштурууга.

## 4. Тарбиялык иш жүргүзүү портфолиосу

Куратордун тарбиялык иш жүргүзүү портфолиосуна төмөнкүлөр кирет:
- колледждин ченемдик-укуктук актылары жана жоболору, ага ылайык куратор менен топтун активдүү студенттери иштешет;
- директордун мамлекеттик тил боюнча орун басары менен макулдашылган жана бекитилген тарбиялык иштин жылдык планы;
- бекитилген топко тарбиялык иш тууралуу форма боюнча семестрдик отчёт;
- топтун кураторлук журналы;
- кураторлук сааттардын тематикасы;
- студенттердин социалдык маалым каты;
- студенттердин биометриялык маалыматтары;
- контракт акысын төлөө боюнча маалыматтар;
- флюорография тууралуу маалыматтар;
- өзгөчө окуялар боюнча топтун чогулуштарын өткөрүү протоколдору;
- ата-энелер чогулушун өткөрүү протоколдору;
- топтун активдүү студенттеринин тизмеси;
- ата-энелер комитетинин мүчөлөрүнүн тизмеси жана байланыш телефондору;
- студенттердин өздүк карточкалары;
- студенттердин анкеталары;
- студенттер тууралуу так маалыматтар;
- студенттердин семестр ичиндеги жетишүү рейтинги жана көрүлгөн чаралар;
- академиялык карыздарды жоюу тууралуу маалыматтар;
- студенттердин жума ичиндеги сабактарга катышуусу тууралуу маалыматтар жана көрүлгөн чаралар;
- колледждин ченемдик-укуктук актылары, жоболору менен таанышкан ата-энелердин жана студенттердин тизмеси;
- студенттердин маалым каттары, арыздары, түшүндүрмө каттары, билдирмелери;
- фотография түрүндө топтун отчёту.

## 5. Корутунду жоболор

5.1. Ушул жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5.2. Ушул жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн. Өзгөртүүлөр жана толуктоолор колледждин педагогикалык кеңешинде каралып, колледждин директорунун мамлекеттик тил боюнча орун басары

тарабынан бекитилет. Өзгөртүүлөр менен толуктоолордон кийин жобонун мурунку редакциясы күчүн жоготот.

И.Раззаков атындагы КМТУ Политехникалык колледжинин кеңешмесинде каралып, кабыл алынды
201_6_-жылдын _01_ - _09_
№_2_протокол

“Макулдашылды”
И.Раззаков атындагы КМТУнун юристи А.Б. Жумакеев
______________
201_6_-жылдын _21_ - _09_